УДК 323.21 (575.2)(04)
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-29-34

**Абдымомунова Кулнара Салморбековна**
сая.и.к., К.Карасаев атындагы БМУ "Саясий-укуктук дисциплиналар" кафедрсынын доценти
**Абдымомунова Кулнара Салморбековна**
к.поли.н., БГУ имени К. Карасаева, доцент кафедры «Политико-правовые дисциплины»
**Abdymomunova Kulnara Salmorbekovna**
can.politic.s., BSU named after K. Karasaeva, Asso.Prof. of "Political and Legal Disciplines"

# КЫРГЫЗ ОЙЧУЛДАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА ИНСАНДЫК САПАТТАРДЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ
# ОТРАЖЕНИЕ ЛИЧНОСТНЫХ КАЧЕСТВ В ТВОРЧЕСТВЕ КЫРГЫЗСКИХ МЫСЛИТЕЛЕЙ
# REFLECTION OF PERSONAL QUALITIES IN THE WORK OF KYRGYZ THINKERS

**Аннотация:** Макалада орто кылымда жашаган философ-ойчулдар Ж.Баласагын, М.Кашгари, легендарлуу ырчы Асан Кайгы, Токтогул ырчы жана заманист-акындар, акын-демократтардын чыгармаларындагы коомду башкаруучулардын, адеп-ахлак, инсандык сапаттары, ыйман, парз менен байланышкан түшүнүктөрү каралат.

**Негизги сөздөр:** коом, салттуу коом, инсан, жеке сапаттар, башкаруучу, адеп-ахлак, рухханий баалуулук, дыйкан, патриархарлык-феодалдык, этико-саясаттык маданият жана психология

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются объяснение личностных качеств управляющих, учтивость в творчестве мыслителей средних веков Ж.Баласагына, М.Кашгари, легендарных импровизаторов Асан Кайгы, Токтогул-ырчы, акынов-заманистов и акынов-демократов.

**Ключевые слова:** общество, традиционное общество. Личность, личностные качества, правитель, мораль, духовные ценности, крестьянин, патриархально-феодальный, этико-политическая, культура и психология

**Annotation:** This article examines the explanation of the personal qualities of managers, courtesy in the works of thinkers of the Middle Ages J. Balasagyn, M. Kashgari, legendary improvisers Asan Kaigy, Toktogul-yrchy, akyns-enticement and akyns-democrats.

**Keywords:** society, traditional society, personality, personal qualities, ruler, morality, spiritual values, peasant, patriarchal-feudal, ethical-political culture and psychology.

Учурда өлкөбүздө болуп жаткан зор өзгөрүүлөрдүн натыйжасында коомдун мындан аркы өнүгүшү үчүн улуу мурастарыбызга кайрылып, бабаларыбыздын осуяттарын, ой-толгоолорун иргеп, илгеркиден сабак алып, алга карай кадам жасоо ыңгайы келип турат. Кыргыз руханий акыл-эс дүйнөсүндөгү түпкү булактардын ээси эл болгондуктан, ошол элдин ичинде

элден чыккан сөзүн журт уккан акылман, ойчул, акын, билгич инсандар ошол мурастарды өз түшүнүгүнө жараша элге жеткирип келген. Алар коомдо өзгөчө орунга ээ болуп, элдерге мурдагы мурастарды жеткирип туруу сыяктуу маданий кызматты аткарышкан. Демек, мындан кыргыз руханий акыл-эс көрөңгүсүн алып жүрүүчүлөр катары заманист-акындардын, акын-демократтардын чыгармаларынан кыргыз коомундагы социалдык карама-каршылыктарды көрө алабыз. Аларга чейин орто кылымда жашаган философ-ойчулдар Ж.Баласагын, М.Кашгари, легендарлуу ырчы Асан Кайгы, Токтогул ырчынын коомду башкаруучулардын, адеп-ахлак, ыйман, парз менен байланышкан түшүнүктөр да зор мааниге ээ.

Кыргыз элинин тарыхында коомго тийгизген инсандын же баатырдын коомдогу орду жана ролу бири биринен өзгөчөлөнүп турат. Инсандын ролуна берилген мындай баа өзүнүн өзгөчө спецификасына ээ. Г.Гегель дүйнөлүк тарыхый инсан же баатыр деп айрым гана белгилүү адамдарды айткан. Алардын жеке кызыкчылыктары өзүнө субстанционалдык элементерди камтыйт. Алар, тажрыйбалуу ишмерлер гана эмес, ойчул адамдар, адамдык эрки бар жетекчилер, өз убагында эмне керектигин түшүнгөн, артынан башкаларды ээрчите алгандар болот. Элдин биримдиги үчүн анык нерселерди, күчтүү эрктүү өзгөрүүлөрдү талап кылат – бирдиктүү борборду, акылы, тажыйрбасы менен суурулуп чыккан персоналдарды, элдин мамлекеттүүлүк эркин жана укуктук мүмкүнчүлүктөрүн чагылдырган ачык нерселерди талап кылат. Тарыхый муктаждыктарда, өзүлөрүнүн аракеттеринде эркин болушу керек экенин түшүнүшөт.

Кыргыз коомунун өнүгүү тарыхына көз чаптырсак, кыргыз эли эркин жашоо үчүн көптөгөн ырайымсыз согуштарды, кыйынчылыктарды жана өзгөрүүлөрдү башынан өткөргөн. Бул, тагдыр чече турган окуялар дайыма өзүнүн моралдык келбеттери жана акыл эстери менен өзгөчөлөнүп турган инсандардын ишмердүүлүгү менен ишке ашып турган.

Оозеки чыгармачылык тарыхыбызда алардын ичинен, сөзсүз негизги орун кыргыз элинин улуу баатыры Манаска таандык. Платон өз убагында айткандай, дүйнө, чыныгы инсандар баатыр, акылмандар падыша же падышалар акылман болгондо гана бактылуу боло алат. Бирок, мындай жагдай, тилекке каршы өтө сейрек. Кыргыз элинин руханий байлыгында, лидерликтин проблемалары “Манас” эпосунда кеңири чагылдырылган, ал жерде жол башчылардын элдин бейпилдигин камсыз кылууда орду жана ролу көрсөтүлгөн, мамлекеттин баалугу чагылдырылган. Манас баатырдын образы-көп өлчөмдүү биологиялык жана социалдык маңыздарды бир каарманга бириктирген, кыргызча дүйнө көрүмдүн конструкциясы. Эпостогу тааным объектисин илимге чейинки ойломдон бери келаткан стилдеги сыпаттоону, азыркы илимий рефлексиядагы символдорго, түшүнүктөргө жана категоряларга трансформациялоо менен бул моделдин дүйнө элдериники менен жалпылыгын, дүйнөнүн азыркы илимий картинасы менен катышын көрсөтүүгө мүмкүн. Ошондой эле “Эр Төштүк”, “Эр Табылды”, “Курманбек”, “Шырдакбек” сыяктуу кичи эпостордон, жомоктордон жана макал-лакаптардан инсандын жүрүш-турушун, лидерлик түшүнүктөрдү камтыган материалдарды көрө алабыз

Орто кылымдын көрүнүктүү ойчулу Ж.Баласагын, өзүнүн атактуу “Кутадгу билиг” китебинде коомду натыйжалуу башкарууда инсандардын жекече сапаттарын ачып берген: элдин жана мамлекеттин коопсуздугун сактаган, акыйкаттык, чынчылдык мыйзамдын кыйшайбастыгынын түркүгү, окмуштуу жана билимдүү адамдарды жардамчылыкка тартууну билген, элге пайда алып келүүгө умтулуу, саясат менен бийликти бириктирүүгө жөндөмдүүлүгү, бийлик жүргүзүүчүдө терең акыл эстүүлүк, ийкемдик, көрө билүүлүк, чечкиндүүлүк, сактык, боорукер ж.б. Ж.Баласагындын ою боюнча бийлик жүргүзүүчүнүн баалуу сапаттарына, ошондой эле ата-тегинин жакшылыгы, физикалык күчү, эрдик, кайрат, эр

жүрөктүүлүгү жана душмандарына аёсуздугу дагы кирет. Ошол эле учурда автор аркылуу, бийлик жүргүзүүчүгө туура келбеген сапаттары сындалат, алар – зөөкүрлүк, ач көздүк, калпычылык, акылсыздык, шашмалык, кек сактоо, душмандык, шалаакылык ж.б. [1]. “Эгерде мамлекетти билимдүү хандар, өз иш – аракеттеринде билимге таанып жүргүзүшсө, анда алар акыйкаттуу мыйзамдарды кабыл алып, ошол мыйзамдын негизинде иш – аракет кылышат. Акыйкаттык – бул мамлекет башчысына керектүү абийирдүүлүк сапат” [2] - деп Ж.Баласагын баса көрсөтөт. Бул мыйзамдын негизинде иш – аракет жүргүзүү керек дегенди билдирет. Анын ою боюнча бийлик жүргүзүүчү мыйзамдарды сактоодо, коомду башкаруудагы маселелерди чечүүдө акыйкаттуу болушу керек. Ал өзүнүн иш – аракеттеринде элди бекке жана кулга бөлө албайт, аларга бирдей мамиле кылууга милдетүү. “Кутадгу билиг” китебинде инсанга берилген сапаттар бүгүнкү күнгө чейин актуалдуулугун сактап келет. Баласагын, коомдун абийирдүлүүгүнүн микроклиматына, элдин ыймандуулугуна эң биринчи лидердин – бийлик жүргүзүүчүнүн абийирдүлүүгү таасир этет деп көрсөткөт. Баласагындын бийлик жүргүзүүчүнүн инсан катары ойлору жана жоболору, негизинен алардын жүрүш-туруштарын жана кылган аракеттеринин моделдерин түзүүнүн жана баалоонун чеги болуп калды.

Махмуд Кашгари да өзүнүн “Диван луга ат-түрк” адамдын жашоосунун мааниси анын эмгектеринде, туура иштеринде жана бекем абийирдүүлүк кылыктарында деген концепцияны алып чыккан. Автор, адам физикалык жактан өлөт, бирок анын аты ал тирүү кезинде жакшы иштерди жасагандыгы үчүн түбөлүккө калат деген. Ошону менен бирге сылык адам орой адамдан айырмаланып, чоң сый – урматка (авторитет) татыктуу боло алат. Ойчул “Кишинин позилити озинин ти билэн билинннду” макалды анализдеп жыйынтык чыгарат: адамдын абийири анын жакшы моралдык сапаттары анын тилинде болот, тил, адамдын тарбиясынын көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат [2, 559-б.]. Демек, XI кылымда Ж.Баласагын жана М.Кашгари мамлекетти башкаруунун энциклопедиясын түзүшкөн. Алар, башкаруучуну окуутуга, тарбиялоого багытталган негизги идеяны алып чыгышкан.

XIV-XV кылымдардагы бизге келип жеткен Токтогул ырчы. Ал өзүнүн ырларында түрктөрдүн буга чейинки ынтымак-ырашкерлиги менен биримдиги Жаныбек хандын мезгилинде бүлүнүп бараткандыгы, адилетсиз, баскынчы, жан алгыч, талоончу, кан ичкич, тиран экендигин мүнөздөп сынга алып турган. Ошондой эле, акын Жаныбек хандын уулу Бердикке бийликке келгендигин, ушундан улам “атпай түрктүн балдарынын жаны тынч алып калгандыгын” айтат:

Бердибек болду ханыбыз,
Берен түрктүн балдары
Тынчыды эми жаныбыз.
Куттуу болсун ханыбыз,
Кумардан чыктык баарыбыз.
Атпай түрктүн балдары
Аман болсун жаныңыз [3, 100-б.]. Мына ошентип, Токтогул ырчынын Жаныбек ханды ашкерлөөсү саясаттагы инсандык башталыштын өнүгүүсүн чагылдырып турган мүнөзгө ээ болуп турат.

Жаныбек хандын учурундагы боз туман каптаган мезгил Асан Кайгынын чыгармаларында да ачык даана чагылдырылган. Акындын ой-толгоолорунун өзгөчө бир маанилүү предмети болуп эл тагдырныдагы өкүмдардын (аким, улук, хан, журт башчы) ролу менен мааниси эсептелинет. Анын ою боюнча өкүмдардан өтө көп нерсе талап кылынат:

акылгөйлүк, адилеттүүлүк, калыстык, элди бириктире жана өз артынан ээрчите билүү, өз элин душмандардан коргой билүү ж.б. Мына ошондо гана калың эл ханды барктап баалайт.

Кыргыздын салттуу жана укуктун маданиятында гуманизмдин универсалдуу адамзатка тиешелүү баалуулугу өзгөчө жаралган. Инсанды сыйлоо жана анын негизги социалдык-саясий укуктарын жана эркиндигин коргоо кыргыздын фиолософ-ойчулдары- Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч тарабынан өзгөчө иштелип чыккан.

Калыгулдун учкай сөздөрүнүн, санаттары менен термелеринин көпчүлүгү адамдардын жүрүм-турумдары менен кылык-жоруктарына моралдык жактан баа берүүгө, алардын оң жана терс сапаттарын аныктоого арналган. Токтогул менен Асан Кайгынын хан Жаныбекке кайрылып ырдаган ырлары сыяктуу эле Калыгулдун да хан Ормонго кайрылып ырдаган көркөм туундулары өзгөчө мааниге ээ болуп турушат. Ал чыгармаларында жакырларга кам көрбөгөндүгү үчүн, салык чогултуп, кан төгүүнү каалагандыгы жана казак менен согушууну самагандыгы үчүн хан Ормонду өтө катуу жана аёосуз сынга алат. Анын келечек турмушу жаман болорун айтып, анын мындай тагдырга туш болорун орустардын келиши менен байланыштырат. Мына ошентип, тарыхый инсан экендиги талашсыз болгон кыргыздын бизге белгилүү биринчи акыны көз алдыбызга өзгөчө сапат-касиеттерге эгедер адам катары көрүнөт: акын, акылман, коомдук-саясий турмуштун реалдуу катышуучусу көрөгөч.

Калыгулдун жолун жолдогон жана салтты уланткан акын Арстанбек Буйлаш уулу болду. Ырчы жана комузчу, даанышман ойчул жана коомдук ишмер катары ал да ушул өткөөл мезгилде – Кокон хандыгы орус империясынын бийлиги менен алмашып жаткан мезгилдик тилкеде – жашап, чыгармаларында өз доорунун бардык кайгы-муңун бүтүндөй туруш-турпаты, татаалдыктары жана карама-каршылыктары менен чагылдырып берген. Кыргызстандын Орусияга кошулуш мезгилин Арстанбек “тар заман”, “зар заман” деп атаган. Атайын белгилеп кетчү бир нерсе, Калыгулдан айырмаланып Арстанбек эл көзүнө падышачылыктын колонизатордук турпатын гана эмес, салыштырмалуу жолу менен кыргыз төбөлдөрүнүн эксплуатотордук ролун да ачып берет. Ошентип, акын “Термесинде” өзүнүн жеке, керт башынын кызыкчылыгын калайык-калктын мүдөсүнөн жогору койгон, каржалып турган эли үчүн кам көрбөгөн, журт келечегин ойлобогон, ал аз келгенсип мамлекет казынасын талап-тоногон акимди Арстанбек төмөнкүчө мүнөздөйт:

Калкы турса каржалып,
Калктын камын ойлобой,
Келечегин болжобой,
Казына чачса калактап,
Эки көзү алактап,
Бул - кара өзгөй аким белгиси.
Мындай безер башчыны,
Үйрүп камчы чапчууну,
Кимдин келет көргүсү [3, 126-б.].

Акын үчүн өкүмдардагы эң башкы сапат – анын эл менен болгон бекем байланышы, ажырагыс биримдиги, калк менен камыр-жумур аралашып туруусу. Өкүмдар менен элдин ортосундагы карым-катышы жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрү бөтөнчө актуалдуу жана демократиялуу болуп эсептелет.

Алардын ою боюнча, инсандык начар сапаттарды, ач көздүк, зөөкүрлүк, бийликти сүйүү жана көксөгөн пайданы сиңирип алып начар жакка өзгөртөт. Элге болгон мамилелердеги аёчулук – назиктик зөөкүрлүккө орун берет.

Ошол үчүн, адамдын өз ара мамилерин туура жакка буруш керек. Ушул позициянын негизинде заманистер бай – манаптардын өкүлдөрүн, алар моралдык бузулууларды, албуттуулукту, зөөкүрлүктү, гумансыз сапаттарды өзүлөрүнө камтып, коомдук – патриархалдык турмуштун процессинде үстөмдүк кылышат деп аёсуз сынга алышкан. Адамдын маданиятынын этика – саясий концепциясына ушу ойлорду киргизишкен. Бирок, Токтогул, Тоголок Молдо жана Барпы турмуштун конкреттүү проблемаларын кароодо жана түзүүдө акын – заманистердин сындалган багыттарын такай улантышкан. Акын – демократтардын дүйнө таануудагы негизги өзгөчөлүктөрү, айлана – чөйрөдөгү анык нерсени социалдык айырмалык жана карама – каршылык призмасы аркылуу карап түшүнүү жана ой жүгүртүү болгон. Эгерде инсан этика саясат маданиятында болсо, акын заманистерге цивилизациялык – маданияттуулук түздүктүү көрүнгөн, ушул эле окуяны акын – демократтар социалдык – саясий ченемдердин талкуусунда карашкан. Алар, кыргыз коомчулугунда социалдык тартиптердин орун алган баскынчылык маңызын түшүнүшкөн жана анын көп түрдүлүгүн өзүлөрүнүн ырларында сүрөттөп беришкен. Элдин массасынын социалдык түшүнүктөрү эми гана жаралып жатканда, анын андан аркы өнүгүүсү патриархарлык-феодалдык этико-саясаттык маданият жана психология аракети менен басып келген [4, 230-б.]. Ошол себептүү XIX кылымдын экинчи жарымында ойчул – акындардын эле эмес бай - манаптар менен эмгекчил дыйкандардын кызыкчылыктарынын карама-каршылыгын түшүнгөн. Акын – демократтар алардан айырмаланып, өзүлөрүнүн ырларында феодалдык-байлар менен эмгекчил элдин социалдык карама – каршылык темасын көтөргөнгө биринчилерден болуп жетишишкен жана ошол мезгилде абдан кыйын проблема экендигин ачышкан. Анын, негизинен туугандык жана уруучулук биримдиктин идеасын четке кагышкан. Ал эми акын–заманистер, тескерисинче, акыйкаттуу тынчтык тартибинин принциптерин ишке киргизүүнү эл арасындагы тууганчылык алакаларды сактоодон көрүшкөн. Токтогул, Тоголок Молдо жана Барпы, өзүлөрүнүн ишмердигинин башында, мурунку традицияларды улантуу менен, бир жалпы туугандашкан бөлүмдөрдүн башка биринен ажыратууга басым жасашкан. Өзүлөрү такшалган мезгилде алар кедейлер менен байларды жана манаптардын полюстарынын ортосуна так чек коё алышкан. Өзүлөрүнүн концепцияларында, теңсиздикти жана эксплуатациянын жаралышын социалдык акыйкаттык жана акыйкатсыздык көз караште алышкан. Акын-демократтар акын – заманистер сыяктуу эле бул маселени “чындыктын” деңгээлине көтөрүп жана “милдет” деңгээлинде карашкан. Алар, коомдук турмуштагы социалдык тартиптердин өзгөрүүлөрүн, так ошого байланыштуу, алардын чыныгы абийирдүүлүк критерийне туура келбесин, адамдын жүрөгүнө жана мээсине сиңгенин караган маселени коюшат. Ушундай, ач көздүк, кызыкчылык көксөгөндүк, аямчылык, сатылма, эки жүздүүлүк, коркоктук, зөөкүрлүк, абийирсиздиктин көрсөткүчтөрү башкаруучулардын төбөлдөрүнө таандык. Акын – демократтардын оюнча, орун алган социалдык тартиптин акыйкатсыздыгын күбөөлөйт. Бийлик ээлери эң эле, бай болушкан, байып алып падышанын, чиновниктердин жана каалаган кызматтарды алуунун жолун табышкан. Бул жерден, акын–демократтардын моралдык – этикалык көрө билгендиктери, коомду кайра курууга элдин, массасынын тарыхый аң – сезимдеринин түшүнүктөрү жеткен саясий жана экономикалык күрөштү жаңы деңгээлге көтөрүүгө реалдуу мейкиндикти түзүшкөн деп ынандырса болот. Ушул контексте Токтогул, Тоголок Молдо жана Барпыны акын–демократтар деп атаса болот. Алардын сүрөттөгөн дүйнөдө көпчүлүк эмгекчилердин кедейлигинде элдин эмгеги менен жаралган негизги байлыкты басып алган манаптар менен байларга каражат, оокат жагынан көз каранды болгон системасындагы экономикалык негиз бар. Андан сырткары, массага таасир эте турган өзгөчө ийкемдүү жана ар

түрдүү каражаттары менен, патриархарлык – уруулук салттардын бекемдигин пайдаланып, байлар жана манаптар байлыктарды бөлүүнүн бийликтүү рычагын өз колдорунда кармап турушкан. Ушул кырдаалга көңүлдү бурсак, акын–демократтардын ишмердиктери ошол тарыхый мезгилдеги социалдык – экономикалык шарттардын өзгөчөлүктөрүнө тура келгендигин белгилеп кетсе болот. Бул, ачыктан – ачык элди талоонун эксплуататордук тенденциясы, акын–демократтардын ишмердүүлүк мезгилинде бекемделип жана күчөп, массанын кыжырлануусун, каршылыгын жана ачуулануусун жараткан. Андан сырткары кыргыздын кедей кем – багалдары ал мезгилде эки эселенген жүктү көтөрүп турду: өзүлөрүнүн феодалдары менен байларын жана падышанын чиновниктерин. Бул эки тараптан талап – тоноолор күч жеткиз азап болгон, борбордон таңууланган, эч кандай демократиялык башталышы жок, башкаруунун феодалдык-бюрократиялык системасы жогоркулардын төмөнкүлөргө болгон өз билгендик жана мыйзамсыздык мамилерин колдогон. Ошол үчүн Токтогул, Тоголок Молдо жана Барпынын бай менен манапты мазактаган критикалык пафсу өзүнүн, чындыгында, кеңири ачылбаган, терең сезе билимбеген, бирок өзүнүн саясий маанисине ээ. Акын–демократтардын чыгармаларын көңүл коюп окуганда, алардын элдик бийликтин негизинде дүйнөнү кайра курууга болгон умтулуулары байкалат.

Калугулдун, Молдо Кылычтын, Арстанбектин, Токтогулдун, Тоголок Молдонун, Барпынын жана башка кыргыздын ойчулдарынын чыгармачылыгында лидерлик саясий гана эмес, патриоттук, жарандык, абийрдүүлүк жана эстетикалык түшүнүк катары каралат. Алардын көз караштарында айкөлдүккө, билимге жана башчынын тарбиясына көп көңүл бурулган.

Салттуу кыргыз коомун башкарууда инсандардын жеке сапаттары кыргыз этносундагы фольклор жана жазуу түрүндө эстеликтерде толук, ачык айкын көрсөтүлгөндүгүн жогоруда каралган маселелер күбөлөйт. Демек, бул акыл-насаат, ой-чабыттар, калыс жашоого үндөп, ошол кездеги кыргыз коомундагы карама-каршылыктардын социалдык маңызын ачып көрсөтүп, элдин кызыкчылыгына ылайык келген көз караштарды, башкаруучулардын, инсандардын оң терс сапаттарын камтыйт.

Улуу кыргыз ойчулдарынын, башкаруунун татаал структурасында башкаруучулардын инсандык сапаттарын жана кызматтык милдеттерин ачууга болгон салымдары дагы деле бүгүнкү күндөгү саясий- социалдык илимдер тарабынан тыкат изилдөөгө муктаж жана бааланышы керек.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Жусуп Баласагын. Кутту билим.,- М., 1993.-с.30, 67, 76-79, 102-109, 134-145,176-192.
2. Кашгари М. Диван луга ат-турк. Стамбул, 1933-1935., 559-б.
3. Эркебаев А. Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары.Б.-2004-100-126-б.
4. Донондбаев А. Кыргызстан политическая культура человек и государства. Б.-2002-230-б.
5. Жусупов К. Байыркынын издери.,-Б.2001.


**Рецензент: саясий и.к., доцент Ниязалиева Р.К.**